КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh State University

# БУЙРУК № 485

«31» 05 2018-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2018-жыл, 25-май, №7 протокол) «Бизнес жана менеджмент факультетинин бакалавр жана магистрдик билим берүү программаларында окуу-методикалык жана илимий иштерди уюштуруунун абалы жөнүндө» деген №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган токтом бекитилсин:

1. Бизнес жана менеджмент факультетинин бакалавр жана магистрдик, билим берүү программаларында окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштердин абалы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кафедранын жана деканаттын иш кагаздарынын номенклатурасын азыркы талапка ылайык түзүү, кафедранын паспортун жана перспективалык пландарын толуктап, иштеп чыгуу деканга жана кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
3. Квалификациялык иштердин, магистрдик диссертациялардын сапатын жогорулатуу боюнча иштер (рецензенттерди туура дайындоо, антиплагиат программаларынан өткөрүү, структураларын, максаттарын жана мазмунун иштин деңгээлине (бакалаврдык, магистрдик) жараша айырмалоо, университеттин миссиясына дал келүүчү жактарын аныктоо, алардын сакталышы) колго алынсын.
4. Бизнес-информатика жана экономикадагы математика кафедрасынын окутуучу- профессордук курамынын сапаттык көрсөткүчүн лицензиялык талапка ылайык жогорулатуу жана кафедранын илимий темасын мамлекеттик каттоодон өткөрүү кафедра башчысына милдеттендирилсин.
5. Экономика багытындагы адистиктин сырттан окуу бөлүмүндөгү студенттердин чектик санын лицензиялык нормага келтирүү ОИДге жана деканга милдеттендирилсин.
6. Факультеттин илимий потенциалын эске алуу менен илимий мектеп түзүү иш-аракеттери жүргүзүлсүн. Кошуна өлкөлөрдөгү билим берүүчү жана илимий мекемелер менен кызматташуу алкагында "Экономика" багыты боюнча биргелешкен диссертациялык кеңеш түзүү иш-аракеттери жасалсын.
7. Илимий-изилдөө иштердин сапатын (Хирш индекси боюнча көрсөткүчтөрдү) жогорулатуу максатында кафедралардын окутуучулары тарабынан Scopus, Web of Science системаларындагы илимий журналдарга илимий макалаларды жарыкка чыгаруу боюнча иш-аракеттер күчөтүлсүн.
8. Бардык факультеттер ишкана-мекемелер менен келишимдер (хоздоговор) түзүү жолу менен университетке финансылык каражаттарды тартуу, окутуучулардын жана кызматкерлердин эмгек акысын кошумча каржылоо, Ош шаарынын, түштүк региондун жана республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу маселелери колго алынсын.
9. Окуу-өндүрүштүк базаларды түзүү максатында ар бир факультет (колледж), кафедра ишкана-мекемелерде филиалдарын ачуу жолу менен билим берүү, илим жана өндүрүштүк байланышын бекемдөө боюнча иш пландарын түзүп, аларды ишке ашырууга аракет кылсын.
10. Ар бир факультет (колледж) республикадагы профили бирдей болгон ЖОЖдор (колледждер), факультеттер менен атаандашуу жолу менен эң алдыңкы көрсөткүчтөргө ээ болуу үчүн иш-чаралардын пландарын түзүп, аларды ишке ашырууга аракеттенсин.
11. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Абазбек уулу Расулга жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

ОшМУнун ректору,
профессор К.А. Исаков